**Англис филологиясы кафедрасынын 2023-жылдын 3-сентябрында өткөрүлгөн отуруму**

**№1 протокол**

Катышкандар: баары

Күн тартибинде:

1. Кафедранын 2023-2024-жылга карата иш пландарын кабыл алуу, бекитүү.
2. Кафедранын отурумун бекитүү, талкуулоо.
3. Кафедранын окутуучуларынын окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү.
4. Багыттардын НББП ларын толуктоо (күтүлүүчү натыйжалар, предметтердин аннотациялары, компетенциялар картасы, ички жана сырткы рецензиялар). Күтүлүүчү натыйжалардын мамлекеттик стандартка дал келүүсү.
5. Окуу-усулдук иштеринин планын бекитүү.
6. Коомдук тапшырмаларды бөлүштүрүү.
7. Ар түрдүү маселелер.

1. Кафедра башчысы, доцент Кабылов Т.Б. жаңы окуу жылынын башталышында отурумга катышкан бардык окутуучуларды жаңы окуу жылы менен куттуктап өттү жана 2023-2024-окуу жылына түзүлгөн иш-пландары менен тааныштырды. Кафедра мүчөлөрү окуп чыгып, баары макул болушту.

2. Кафедранын отурумун бекитүү, талкуулоо боюнча кафедра башчысы, доцент Кабылов Т.Б. быйылкы 2023-2024-окуу жылына 9 отурум план каралгандыгын жана алардын ар бирине кыскача токтомун бекитип берүүнү кафедра окутуучуларына сунуштады, кафедра мүчөлөрү макулдугун беришти.

3. Бул суроо боюнча кафедра башчысы жаңы окуу жылына кафедра мүчөлөрү толугу менен даяр, окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү маселесин эске албаганда негизинен даяр экендигин айтып өттү. Бул маселенин группалардын толук бөлүнүп тактала элегине, тайпадан тайпага көчүрүүлөрү, башка ЖОЖдордон которулуп келген студенттердин, чет элдик студенттердин контингенти толук бүтө элек экендигин айтып, окуу жүктөмдөрү бир аз убакттан кийин такталаарын эскертти.

Scanned with CamScanner

4. Кафедра башчысы, доцент Кабылов Т.Б. НББПга өзгөрүүлөр (жаңы стандартка ылайык) киргизилип, компетенциялар аныкталганын эскертүү менен бул маселеге кылдаттык менен кароого чакырды, ошондой эле кафедра окутуучуларына өз дисциплиналарына күтүлүүчү натыйжаларды, максаттарды, компетенцияларды ГОС стандартка дал келтирип түзүү абзел экендигин айтты. Түзүлгөн жумушчу программаларды, силлабустарды элетрондук форматын AVN 37 программасына жана порталга жүктөөнү тапшырды. Кафедра башчысы НББП нын сапатын жогорулатуу маселесине кайрылып, ушул багыттагы иштерди активдештирүү зарылдыгын эскертти жана жаңы ББПларды ачуу, биргелешкен ББПларды түзүү боюнча сунуштарды айтып, активдүү иш-чараларды алып барууга чакырды.

Кафедра мүчөсү, э.и.к., улук окутуучу Токторова В.К. сөзгө чыгып, НББПнын сапатын жогорулатуу учун алып бара турган иштерди жана иш берүүчүлөр менен тыгыз байланышта болууну кошумчалоо менен бирге Өзбекстандын Андижан университети менен мамиле куруп, конок лекцияларды уюштуруу тууралуу сунушун айтты. Бул сунушка көпчүлүк окутуучулар макул болуу менен бирге кош дипломдуулук программасын кеңири талкуулашты.

5. Кафедра башчысы, доцент Кабылов Т.Б. жаңы окуу жылына карата окуу-усулдук иш-планын эскертип, ушул багытта пландаштырылган иш-аракеттер тууралуу баяндады. Ошондой эле окуу жылы ичинде боло турган конференцияларга макалаларды жазып, басмага берүүнү сунуштады жана башка илимий конференцияларга катышып турууну баса белгиледи.

6. Кафедра башчысы, доцент Кабылов Т.Б. кафедранын мүчөлөрүнө коомдук тапшырмалар боюнча өз оюн билдирди. Ар бир окутуучуга тиешелүү тайпалар, сааттар ошондой эле кафедранын көзөмөл милдеттерине кирген 2-курс жана 3-курстар үчүн болгон милдеттер тапшырылды.
   1. Кафедранын улук усулчусу-Токторова В.К.
   2. 3-курстун усулчусу-Наматова Н.А.
   3. 2-курстун усулчусу-Касымова Д.Т.
   4. Илимий иштер боюнча-Пазилова С.К.
   5. Тарбиялык иштер боюнча-Тупчибоева М.К.
   6. Казыначы-Уруксатбек кызы Айкөкүл
   7. Катчы-Бактыбек кызы Нураида

   Бөлүнгөн милдеттер боюнча кафедра мүчөлөрү өз милдеттерин аткарууга даяр экендигин билдиришти.

7.Мында, окуу жүктөмдөрү боюнча сөз болду. Колледжден которулуп келген студенттердин саны тактала электигине байланыштуу кошумча маалымат

Scanned with CamScanner

берилери айтылды. Ал эми калган группаларга өз убагында расписаниеге туруп, электрондук журналдарды толтуруу эскертилди.

ТОКТОМ:

1. Кафедра мүчөлөрү иш-планды кабыл алуу жана бекитүү жөнүндө токтом кабыл алышты.
2. Кафедранын отурум планы сунуштарды эске алуу менен бекитилсин.
3. Кафедранын окутуучуларынын окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү такталсын.
4. Жаны стандартка ылайык НББПга киргизилге өзгөрүүлөр,кошумчалар бекитилсин.
5. Окуу-усулдук иштеринин планы сунуштарды эске алуу менен бекитилсин.
6. Коомдук тапшырмалар боюнча кафедра мүчөлөрүнүн милдеттендирилген окутуучулары өз милдеттери боюнча жыл бою иш алып барылсын.

Төрага: ф.и.к., доцент Кабылов Т.Б.

Катчы: Бактыбек к.Н.

Scanned with CamScanner